| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br><br>ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br><br>МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР |
| --- | --- |

**ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН 8- КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫ**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 20- май № 44 Оргочор айылы

**Республикалык бюджеттен максаттуу трансферт аркылуу келген акча каражатын 2025-жылдын бюджетине кошумча пайдалануу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-августундагы "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-2025-жылдарга Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарынын башкы пландарын иштеп чыгуу боюнча программасын бекитүү жөнүндөгү" №490 токтому менен бекитилген программага ылайык, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 55-беренесинин 2-пункутуна ылайык, республикалык бюджеттен максаттуу трансферт аркылуу келген **1 814 200** (бир миллион сегиз жүз он төрт миң эки жүз) сомду максаттуу түрдө пайдалануу максатында айыл өкмөтүнүн орун басары- жооптуу катчысы М.Алиевдин берген сунушун ар тараптан карап чыгып, Оргочор жергиликтүү кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. 2025-жылдын жергиликтүү бюджетине Республикалык бюджеттен трансферт катары келип түшкөн **1 814 200** (бир миллион сегиз жүз он төрт миң эки жүз) сом акча каражатын Оргочор айылынын калктуу конуштарынын башкы пландарын бекитүүгө жумшалсын.
2. Оргочор айылынын башкы планынан калган эркин калдык акча каражаты көл жээгинин архитектуралык иш кагаздарына жумшалсын.
3. Оргочор айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Ч.Казиевага акча каражатын максаттуу чыгымдоого жагы милдеттендирилсин.
4. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кенешинин жооптуу катчысы Э.Тариеловага тапшырылсын.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кенешинин финансы – пландоо менен айыл чарба жана экология маселелер боюнча туруктуу комиссияларына жана айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Тыныбеков**